«КРЭУ» мекемесинин
Окумуштуулар кеңеши тарабынан
**БЕКИТИЛГЕН**
2019-ж.«14» 02 №1 протоколу
«КРЭУ» мекемесинин ректору
____________ А.А.Адиева

Билим берүү жана
илим министрлиги менен
**МАКУЛДАШЫЛГАН**
____________
«___»____________

# "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН" КАБЫЛ АЛУУНУН ТАРТИБИ

Бул тартиби **«Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуунун тартибинин», «Жалпы республикалык тест алуунун жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына абитуриенттерди тандоо жана өткөрүү тууралуу жобонун»** негизинде иштелип чыккан *(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 27-майындагы №256-токтому (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012 – жылдын 28- мартындагы №215,2012-жылдын 19-июнундагы №429, 2013 – жылдын 13 – сентябрындагы №514,2014 – жылдын16-июндагы 328, 2015- жылдын 7- декабырындагы №841, 2017 – жылдын 8 - июндагы № 355, 2018-жылдын 28-мартындагы № 157 токтомдорунун редакциясы менен бекитилген).*

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1 Студенттерди кабыл алууну уюштуруу үчүн Кыргыз Республикасынын эл аралык Университет мекемесинин ректору тарабынан абитуриенттердин кирүү сыноолорунун сапатын жана объективдүүлүгүн камсыздоо жана абитуриенттерге зарыл болгон маалыматтарды берүү үчүн Кабыл алуу комиссиясы жана Апелляциялык комиссиясы түзүлөт.

1.2.Апелляциялык жана Кабыл алуу комиссияларынын негизги милдети Кыргыз Республикасынын Конситуциясынын, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамында белгиленгендей, жарандардын билим алуу укуктарын сактоо, ошондой эле кабыл алуунун бардык процедураларынын айкындуулугун камсыздоо болуп саналат.

1.3. Абитуриент «Кыргыз Республикасынын эл аралык Университетинин» уставы, билим берүү ишмердүүлүгүнө берилген лицензиялар жана мамлекеттик, башка аттестациялардын (аккредитациялардын) сертификаттары, кабыл алуунун тартиби, ошондой эле тапшыруу сыноолорунун программалары жана кабыл алууга байланыштуу зарыл болгон башка маалыматтар менен таанышуу укугуна ээ. Окутуунун акы төлөнүүчү формасына кабыл алууда Кабыл алуу комиссиясы тараптардын милдеттемелери жана укуктары, билим алуу үчүн акы төлөөнүн

өлчөмү жана тартиби, билим алуу үчүн акы төлөөдөгү берилүүчү жеңилдиктердин мүмкүнчүлүктөрү менен тааныштырууга милдеттүү.

1.4. «Кыргыз Республикасынын эл аралык Университети мекемесинин» бакалавр даярдоо программасынын 1- курсуна орто билими же кесиптик орто билими бар жарандар кабыл алынат.

1.5. Кийинки курстарга ар кандай баскычтагы жогорку кесиптик билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү диплому бар адамдар кабыл алынат. Тийиштүү адистиктердеги кийинки курстарга тийиштүү профилдеги орто кесиптик билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү диплому бар адамдар кабыл алынат. Орто кесиптик билимдүү адистиктеринин жана аларга ылайыктуу жогорку кесиптик билим берүүнүн багыттары жана адистиктери боюнча тизме КР ББИМи тарабынан бекитилет.

*(КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартындагы № 157 токтомунун редакциясына ылайык)*

1.6.Магистрди даярдоо программасы боюнча билим берүүгө кесиптик багыт боюнча (бакалавр) базалык жогорку билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплому же толук жогорку кесиптик билими (адистиги) жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплому бар жарандар кабыл алынат.

1.7. Башка мамлекеттердин жарандарын Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында окутуу Кыргыз Республикасы мүчө болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин негизинде, ошондой эле билим берүү мекемелеринин же айрым жарандардын арасындагы келишимдердин негизинде ишке ашырылат.

1.8. Билим алуунун (күндүзгү жана дистанциялык формаларына, андан ары – бардык формаларына жана түрлөрүнө) контракттык түрүнө тапшыруу үчүн негизги критерий абитуриенттин билиминин жана жөндөмүнүн деңгээли болуп саналат.

1.9. Бардык абитуриенттер тегине, жынысына, тилине, социалдык же мүлктүк абалына, улуттук, партиялык тиешелүүлүгүнө, ишенимдерине, диний ишенимине, динге жана орто окуужайн аяктаган убакытына карабастан, Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамдарында белгиленген укуктарды тең укукта пайдаланат.

## 2. "КЭАУ" МЕКЕМЕСИНЕ КАБЫЛ АЛУУНУ УЮШТУРУУ

2.1. Студенттерди окутуу акысын төлөө келишими боюнча окутуунун бардык түрлөрүнө жождун жетекчисинин буйругу менен кабыл алууну уюштуруу үчүн кабыл алуу комиссиясы түзүлүп, анын төрагасы жождун ректору болуп саналат.

2.2 Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы кабыл алуу планынын аткарылышы, лицензияда белгиленген чектүү контингентинин, ошондой эле жождорго кабыл алуу боюнча ченемдик укуктук актылардын талаптарынын сакталышы үчүн жоопту болот, кабыл алуу жана апелляциялык комиссиянын мүчөлөрүнүн милдеттерин аныктайт, алардын иш тартибинин,

кабыл алуу жана апелляциялык комиссиялардын жарандарды кабыл алуу графигин бекитет.

2.3. Кабыл алуу комиссиясынын курамы, укуктары жана иш тартиби жождун ректору тарабынан бекитилген ал жөнүндөгү жобо менен аныкталат. Кабыл алуу комиссиясынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү бир жыл.

2.4. Кабыл алуу комиссиясынын ишин жана иш кагаздарын, ошондой эле абитуриенттерди жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) жеке кабыл алууну жождун ректору тарабынан дайындалган жооптуу катчы уюштурат. Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчыларына талапкерлер КР ББИМи менен макулдашылат. Бир эле адам удаасы менен эки жылдан ашык жооптуу катчы боло албайт.

2.5. Кирүү сынактарын уюштуруу жана өткөрүү үчүн кабыл алуу комиссиясынын төрагасы тарабынан сынактык жана апелляциялык комиссиялардын курамы бекитилет. Сынактык жана апелляциялык комиссиялардын ишинин ыйгарым укуктары жана тартиби жождун ректору тарабынан бекитилген алар жөнүндө жобо менен аныкталат. Сынактык комиссиялар ошол жождун эң тажрыйбалуу окутуучуларынан түзүлөт. Бул комиссиялардын курамы жыл сайын 50%тен кем эмес жаңыланып туруш керек.

2.6. Экинчи жана кийинки курстарга кабыл алууда аттестациялык сынактарды уюштуруу жана өткөрүү үчүн жождо аттестациялык комиссиялар түзүлөт. Аттестациялык комиссияларды түзүүнүн тартиби, курамы, укуктары жана иш тартиби, ошондой эле аттестациялык сынактарды өткөрүүнүн жол жоболору жождун ректору тарабынан бекитилген тийиштүү жоболор менен аныкталат.

2.7. Жогорку окуу жайына кабыл алууда кабыл алуу комиссиясынын төрагасы Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен бекитилген, билим берүү чөйрөсүндөгү жарандарын укуктарын сактоону, кабыл алуу комиссиясынын ишинин айкындыгын жана ачыктыгын, тапшыруучулардын жөндөмүн жана шыктарын баалоонун объективдүүлүгүн, кабыл алуу комиссиясынын жетекчилигинин кабыл алуунун бардык этаптарында жеткиликтүүлүгүн камсыздайт.

2.8. Кабыл алуу комиссиясы абитуриенттин ЖРТга катышуусу жөнүндө маалыматтардын ырастыгына көзөмөл жүргүзүүгө милдеттүү, ошондой эле абитуриент тарабынан берилген билими тууралуу башка документтердин текшерүүгө укуктуу

## 3. ДОКУМЕНТТЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ

3.1. Тапшыруу үчүн негизги документтер төмөнкүлөр болуп саналат:

- абитуриенттин жеке арызы, арыз берген мөөнөтү көрсөтүлөт;
- инсандыгынын жана жарандыгын күбөлөндүргөн документ;
- жалпы орто билими же кесиптик орто билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ;

- жалпы республикалык тест алуунун жыйынтыктары жөнүндө тастыкталынган сертификаттын түп нускасы 2019-ж;
- 3x4 см өлчөмүндөгү 6 фотосүрөт;
- аскерге чакырылуучулар үчүн катталуу күбөлүгү же аскер билети;
- эгер абитуриент жеңилдиктерди алгысы келсе, кабыл алуунун тартибинде белгиленген башка документтери.

3.2. Чет элдик жарандар кабыл алуу комиссиясына Кыргыз Республикасынын жалпы орто билими же кесиптик орто билими жөнүндө мамлекеттик документтин эквивалентиндеги билими тууралуу документти көрсөтүүгө тийиш. Документтин эквиваленттүүлүгүн КР Билим берүү жана илим министрлиги аныктайт. Билиминин тийиштүү деңгээли жөнүндө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги берген маалымкат болмоюнча чет өлкөлүк жарандар окууга кабыл алынбайт.

3.3. КРЭУ мекемесине, 2019-2020 – окуу жылына абитуриенттерди мөөнөтү жана кабыл алуу, жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча, КРнын окуу жана илим министрлигинин буйругунун негизинде жүргүзүлөт.

3.4. Контракттык негизде окутуу документтерди кабыл алуу мөөнөтүү 2018-жылдын 20-июндан 20-августка чейин.

3.5. Контракттык окутуунун негизинде кирүү сыноолорун өткөрүүнүн мөнөтү 2019-жылдын 10-июлунан 20-августуна чейин өткорүлөт.

3.6. Абитуриенттер документтерин тапшырууда паспортун же ким экендигин күбөлөндүргөн башка документтерин, ошондой эле билими жөнүндө документин көрсөтөт (ырасталган көчүрмөсүн көрсөтүүгө болот), бирок окууга өткөрүлсө, документтин түп нускасын көрсөтүүгө тийиш.

3.7. Магистратурага тапшыруу үчүн керектелүүчү документтер:

- инсандыгын жана жарандыгын күбөлөндүргөн документ мене жеке арыз;
- дипломдун көчүрмөсү, мамлекеттик үлгүдөгү жогорку билими тууралуу документ, нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн дипломдун көчүрмөсүн;
- 3x4 см өлчөмүндөгү 6 фотосүрөт;

## 4. КИРҮҮ СЫНООЛОРУ

4.1. Окутуунун бардык формаларында акы төлөтүп окутуу келишими менен абитуриенттерди конкурска өткөрүү жалпы республикалык тест алуунун жыйынтыктары боюнча гана жүргүзүлөт.

4.2. Акы төлөө келишим боюнча окутуу орундарына конкурс өткөрүүнүн мөөнөтү жана тартиби ЖРТнын жыйынтыктары менен гана абитуриенттерди гранттык окууга тандоо жана кабыл алуу турларын өткөрүүгө окшош. Ар бир турда абитуриент өзү каалаган факультетинин мөөрү басылган кутусуна сертификаттын айрыма талонун салуу жолу менен бир ЖОЖду тандоого укуктуу. Айрыма талонду берүүдө милдеттүү түрдө сертификаттын түп нускасы көрсөтүлөт. Конкурс мамлекеттик билим берүү грантын алууга талапкер абитуриенттер үчүн белгиленген, абитуриенттердин

категорияларын эске албастан өткөрүлөт, эң жогорку балл алган абитуриенттер кабыл алууга сунушталат.

4.3. «Кыргы Республикасынын эл аралык Университетинин» мекемеси чет элдик абитуриенттер үчүн бланктык тест алуу формасында жалпы орто билим берүүнүн стандарттарына ылайык программалар боюнча кирүү сыноолорун өткөрөт. Чет элдик абитуриенттер үчүн кирүү сыноолорун өткөрүүнүн мөөнөтү университеттин 2018-жылдын 10-июлунан 20-августуна чейин өткөрүлөт.

4.4. Контракт менен окууга конкурска катышуу үчүн негизги тест боюнча белгиленген жана андан жогорку балл алган абитуриенттерге уруксат берилет.

4.5. Контракттык негизде окууга Жалпы республикалык тест алуунун жыйынтыктары боюнча сертификатынын түп нускасы бар жана белгиленген баллдан жогорку балл алган абитуриенттер кабыл алынат.

4.6.Сыртан окуу бөлүмүнө Дистанциялык (аралыктан) окутуу формасына кабыл алуу КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген мөөнөттө жүргүзүлөт.

4.7.Экинчи жана андан кийинки курстарга, анын ичинде которуу тартибинде кабыл алуу конкурсу жогорку окуу жайы өз алдынча өткөргөн аттестациялык сыноолордун негизинде өткөрүлөт.

4.8. Магистратуранын программалары боюнча окутуу үчүн конкурс жарандардын арызы менен кирүү сыноолорунун жыйынтыктары боюнча өткөрүлөт.

## 5. АПЕЛЛЯЦИЯЛЫК КОМИССИЯ

5.1. Кирүү сыноолорун өткөрүү мезгилинде апелляцияларды кароо үчүн «Кыргыз Республикасынын эл аралык Университетинин мекемесинин ректорунун буйругу менен апелляциялык комиссия түзүлөт жана анын төрагасы (төрайымы) шайланат. Төрага (төрайым) болбогон учурда анын милдеттерин төраганын (төрайымдын) орун басары аткарат.

5.2. Апелляциялык кароодон кийин тест алуунун жыйынтыктары жөнүндө апелляциялык комиссиянын чечими чыгарылат.

5.3. Тест алуунун жыйынтыктарын өзгөртүү зарылдыгы болгон учурда апелляциялык комиссиянын чечиминин протоколу түзүлөт, ага ылайык абитуриенттин сынак ишинин жана сынак баракчасында коюлган баасына өзгөртүү киргизилет.

## 6. КИРГИЗҮҮ ТАРТИБИ

6.1. Абитуриенттин билими тууралуу документинин түп нускасы же анын дубликаты болгондо гана кабыл алуу комиссиясы абитуриентти окутуунун бардык формаларында студенттик катарына өткөрөт.

6.2. Окутуунун күндүзгү формасына Жалпы республикалык тест алууда ийгиликтүү өткөн же окуу башталарга 5 күн калгандан кечикпей кирүү сыноолорун ийгиликтүү тапшырган абитуриенттер өткөрүлөт.